УДК: 070.(575.2)

*Мамырова Махабат, улук окутуучу*
*Ош мамлекеттик университети*

# МАКАЛАЛАРДЫН ЖАНР ЖАКТАН БӨЛҮНҮШҮ ЖАНА АЛАРДЫН МАЗМУНУ

# РАСПРЕДЕЛЕНИЕ СТАТЕЙ ПО ЖАНРАМ И ИХ СОДЕРЖАНИЕ

# DISTRIBUTION OF ARTICLES BY GENRE AND THEIR CONTENT

***Аннотация:*** *Макалада публицистикалык стилге тиешелүү макала жана анын жанрдык бөлүнүшү, макаланын коштогон мазмуну тууралуу сөз болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Гезит, макала, аналитикалык макала, идея, факты журналист.*

***Аннотация:*** *В статье речь идет о жанровом распределении статей публицистического стиля и их содержании.*

***Ключевые слова:*** *газета, статья, аналитическая статья, идея, факт, журналист.*

***Abstract:*** *This article deals with the genre distribution of journalism-style articles and their contents.*

***Key words:*** *newspaper, article, analytical article, idea, fact, of magazines.*

Журналистика коомдогу болуп жаткан ар кандай окуяларга түздөн-түз катышуу менен коомдук пикир жаратат. Ошону менен бирге журналист башка атуулдардын көз карашынан келип чыккан билдирүүлөрдү жыйынтыктап, өзүнүн жеке көз карашын билдирет. Гезиттин беттеринде ар кандай темадагы макалаларды, интервьюларды, баяндамаларды жарыялап, анын жыйынтыгын чыгарат. Анын Радиодо, телекөрсөтүүдө өзүнүн активдүү жанры бар. Мисалы, гезитте «макала» - коомдо болуп жаткан олуттуу окуяны, прогрессти чагылдырган жанр жана анын тарыхы 1708-жылы М. Ломоносов «Ведомость» газетасына редактор болуп иштеген учурдан башталган. Гезит-журналга жарыяланган материалдар үч түргө бөлүнөт: саясий макала, экономикалык макала, маданий макала. Негизинен макалалар - аналитикалык жана публицистикалык болуп эки багытта жазылат.

Аналитикалык макала, аты айтып тургандай, коомдогу болуп жаткан ар кандай саясий, экономикалык жана маданий тараптарды анализдейт. Ал эми публицистикалык макала автордун берейин деген оюн көркөм деталдар менен толуктап, философиялык ойдун чагылдырылышын бекемдеп берет. Ар бир макала коомго идея жаратуу менен гана өзүнүн күчүн сактайт. Орчундуу бир окуя же маселе жөнүндө макала жазылган болсо, биринчи ошол маселенин ар түрдүү кырдаалын чагылдырып өтөт. Идеясыз макала жаралбайт, идеясыз жашоосу да уланбайт, макала болсо идеяны жарата алат. Идея деген сөз грек тилинен алынган (idea – ой, түшүнүк деген маанини билдирет). Идея – макалада автордун негизги пикири, сүрөттөлгөн, баяндалган нерсеге, окуяга, проблемага берген баасы. Мисалы, азыркы глобалдык проблемалардын эң орчундуусу экономикалык проблема жөнүндө макала жазылган болсо, анын негизги идеясы «жаратылышты сактоо» болушу мүмкүн, ушул сыяктуу бир топ мисалдарды келтирсек болот.

Албетте, жазылган макаланын автору ким болсо ошол гана макаланын жыйынтыгын чыгарат, жыйынтыкты чыгаруу менен бирге макаланын идеясын да чагылдыра алат.

Коомдо макала кандайдыр бир идеяны жана пикирди жаратыш үчүн жазылганын жогоруда айтып өттүк. Ал ушул максатта уюштурулат, мисалы, коомдук ишмер жөнүндө макала жазылган болсо, ал макала башка адамдарга таасири тийгизиши мүмкүн. Тарбиялык мүнөзү менен, нравалуулукка чакыруу, үндөө менен макала коомго таасирин тийгизет. Аны максаттуу жазуу жана коомго таркатуу – журналисттерге таандык иш, журналисттин күзгүсү десек да болот. Мисалы, «коомдук пикир» - жалпы элдин оюу, көз карашы, жалпыга тиешелүү нерсе катары эсептелинет. Гезиттен, радиодон, телевидениеден маалыматты угуп, ошондон өзүнө жыйынтыгын чыгарганда, адамдарда пикир пайда болот, анан ошол коомдук пикирге айланат. Ошондуктан журналисттер телеканалда, радиодо же басма сөздө

болобу, элге маалыматты бурмалабай таркатуусу абзел, анткени алар – коом үчүн эл менен бийликтин ортосундагы көпүрө, чындыкты угузган коңгуроо.

Журналистикадагы аналитикалык жанр журналистиканын маңызы десек жаңылышпайбыз. Кандайдыр бир темага арнап маалымат жазганда, аны баары бир анализдеп, синтездеп чыгасың. Аналитикалык материал бул эмне деген суроо пайда болушу мүмкүн, ушуга жооп беришибиз керек. Анда жообу мындай: журналисттик анализ (талдоо) – фактынын, окуянын, көрүнүштүн себептерин, маңызын жана натыйжасын талдоо иши болот. Талдоо болсо кандайдыр бир окуяны сүрөттөө менен гана чектелбейт, маселени тереңирээк иликтеп, компетенттүү маалымат булактарын колдонуу менен окуяга баа берилет. Талдоодо окуянын келечектеги өнүгүүсү жана анын кесепеттери тууралуу божомол келтирсе болот.

Аналитикалык материал менен маалыматтык материалдын ортосунда айырмачылык бар. Маалыматтык материалдарда негизинен фактылар гана келтирилет, анан «ким, эмне, качан, каякта, кантип» деген суроолорго жооп берилет, бирок буларга баа берилбейт. Аналитикалык материалдарда болсо баа берүү да колдонулат, негизги басым окуялардын себептерин табууга жана алардын келечектеги өнүгүүсүн божомолдоого аракет жасалат, ошондуктан мындай материалда «кантип, эмне үчүн, андан ары эмне болот» деген суроолорго жооп табууга өзгөчө көңүл бурулушу керек.

Аналитикалык түрдө фактылар камтылат жана турмуштук маанилүү кубулуштар иликтөөгө алынат. Предметти таануу, обьектини чагылдыруу, конкреттүү милдетти тарбия – таалим берүү максаты чындыкты тактоо, жыйынтык чыгаруу менен айырмаланат. Аналитикалык түрдө фактыларга комментарий берилет, ошол фактылар, окуялар салыштырылат. А.Луначарский белгилегендей, аналитикада биринчи кезекте илимий негиз бар, анализсиз синтез жок [4;13с].

Анализ (analis – ажыроо, suntesis – биригүү) изилдене турган обьектини белгилүү бөлүктөргө ажыратып аны ийне-жибине чейин иликтеп чыгып, керектүүнү кераксизден, негиздүүнү негизсизден бөлүп алып, синтезге өтөт, синтез – жыйынтыктоого, жалпылоого жол ачат. Аналитикалык текст окурманга активдүү жана ишенимдүү таасир калтырат. Мында төмөнкүдөй 3 фактор: фактологиялык синтез, тандалган тема жана эмоционалдуу монолог тыгыз биримдикте болот.

Чындыкты чагылдыруу так жана аналитикалык ыкма таасирдүү болсо, макаланын сапаты мыкты болот. Аналитикалык “корреспонденция” деген жанр да кездешет, латын сөзүнөн «жооп берем», «билдирем» дегенди түшүндүрөт. Аналитикалык темада узак мезгилде камтылган проблемалар козголуп, факт, аргумент менен чогуу эксперттин ойлору да айтылышы мүмкүн. Мындай комментарийге жеңил-желпи кароого болбойт. Комментарийге даярдык көрүүдөгү биринчи кадамың – алдыңдагы максаттарды тактап, окурмандарга кызыктырган суроолорго жооп табуу аракетиңди кантип кыласың, сезимдерин кантип ойготосуң. Ушундай суроолор аналитикалык жанрдын үстүнөн иштеген журналистти ойлондуруп туруш керек. Советтер Союзунун доорунда комментарийлердин чеги тар эле, азыр болсо бардыгын талкууга алуу менен маселенинин маңызын ачууга кенен жол берилди. Кээ бир учурда «комментарий журналист үчүн өзүн көрсөтүүчү курал да болуп калат» деген ойду илимпоз А.Тертычный айткан [4; 83с].

Журналист колдонгон «баалоо, пикир, ой жүгүртүү, түшүнүү» деген терминдердин мааниси сыртынан эле билинип турат.

Аналитикалык жанр аудиторияга журналисттин көз карашынан өткөн окуяларды кароого тартуулайт, анан ал коомдук пикирге түз таасир берет. Бул жанр болуп өткөн, болуп жаткан окуяларга, көз караштарга, коомчулук турмушка, саясат, экономикалык өсүп-өнүгүүлөргө баа берет, анализ менен талдоого алат. Аналитиканын негизин аргументациянын жана белгилүү көз карашты аныктаган далилдердин схемасын түзөт. «Анализ» деген сөз грек тилинен «бөлүү, талдоо» дегенди билдирет. Бир нерседеги элементтердин байланышын жана анын түзүлүшүн изилдөөгө анын башкы сапатын көрүшү үчүн аны бөлүп чыгуу керек. Анализдөө – бул таанып-билүү жолдун бири, илимий

изилдөөнүн  ыкмасы. Журналистикадагы «анализ» өзүнүн жеке баасына негизделген далилдерди, окуяларды түшүнүүнү билдирет. Публицистикадагы анализ журналистиканын максаты менен аныкталат.

Аналитикалык жанрдын максаты коомго туура маалымат берүү жана анын жыйынтыгын оң тарапка чечүү менен аныкталат [6]. Публицистикалык стиль иликтенген фактыны тереңдетип, салыштырып, анан бири-биринен канчалык пайыз пайдасы бар экенин көрсөтөт. Аналитикалык жанр белгилүү бир убакыты камтыган бир фактынын жыйынтыгы менен чектелет. Автор фактыны анализдеп, иликтеп, жалпылап, маселени кабыргасынан коюп, көйгөйдү козгоп коомго жыйынтыгын жарыялап берет.

Журналист коомдун социалдык жана экономикалык жашоосунун өнүгүшүнө салым кошуп турган орган катары белгилүү болушу учурдун талабы болуп саналат. Ар кандай маалыматтарды таратууга өтө кылдаттык менен мамиле кылып, өз ишине берилүү менен иш жүргүзөт. Анын кызматы үй-бүлөсүнөн жана жеке кызыкчылыгынан айрымаланып турушу абзел. Кызмат абалына кыянаттык менен пайдаланып, жалган маалыматтарды таратууга укугу жок.

Маалымат таркатуу технологиясы убакыт өткөн сайын өнүгүп келе жаткандыгын бүгүнкү күндөгү соцтармактардан байкасак да болот, мисалы; мобилдик интернет, фейсбук, твиттер, блогдор, мультимедиялык журналистика бүгүн маалымат айдыңынын булагы болуп саналат.

Жыйынтыктоонун ыкмасына төмөнкү талаптар коюлат. Кандайдыр бир жаңы маалымат келтирилбеши керек, негизги ойду кайталаса болот, бирок башкача, курч сөздөр менен жыйынтык чыгаруу зарыл. Талдоонун структурасы төмөндөгүдөй болот:

- маселени белгилөө;
- маселенин орчундуулугун көрсөтүү;
- маселенин себептерин аныктоо;
- божомолдоо;
- маселени чечүү жолдорун сунуштоо.

Материалдагы бардык нерсе негизги теманы ачууга иштеп ашыкча сөздөрдү колдонбоо керек так аткарса, журналист чыныгы чеберчилигин көрсөтө алат. Жогоруда белгиленген шарттарды [3;53с].

Ар бир макала коомго идея жаратуу менен бирге өзүнүн күчүн сактап турат. Орчундуу бир окуя же маселе жөнүндө жазылган болсо биринчи ошол маселенин ар түрдүү кырдаалын чагылдырып өтөт.

Макаланын автору ким болсо, ошол макаланын жыйынтыгын чыгарат, жыйынтыкты чыгаруу менен бирге идеясын да чагылдырат. Макаланы кандай аяктаса, коомдо ошончолук пикир жаралат. Макала үчүн обьект эң маанилүү жана зарыл. Макаланын аталышы негизги ойду чагылдырып, адамды өзүнө уусу, ушундан да идеянын пайда болуу булактары келип чыгат [1;78].

Журналист коомдун социалдык жана экономикалык жашоосунун өнүгүшүнө салым кошуп турган орган катары белгилүү болушу учурдун талабы болуп саналат. Ар кандай маалыматтарды таратууга өтө кылдаттык менен мамиле кылып, өз ишине берилүү менен иш жүргүзөт.

Жаш журналист эмнеден баштаарын, кантип улантарын, кантип аяктаарын билбей башы катат. Деген менен, материал жазуу, аны калктын кызыгуусуна багыштоо, резонанс жаратуу оңой-олтоң иш эмес. Кайсы бир фактыларды ала коюп, арыдан-бери чүргөп, аны тарката коюунун өзү эле журналистикага жатпайт. Ишке киришкен кезде жаңылык материалын жазуу кыйын экенин жаш журналисттердин дээрлик баары эле өз жону менен сезишет.

Ошондуктан: антип кыйналбоо үчүн муну билип алуу керек. Ар кандай материал жазуу процессинин **беш этабы** болот. Аны жакшы өздөштүргөн журналист чыгармачылыкта кыйналбайт, жакшынакай материалдарды жазат. Ал этаптар кайсылар?

1. Материалдын идеясын тактап, түзүп алуу.

2. Фактыларды жыйноо.
3. Фактыларды анализдөө жана материалдын планын түзүү.
4. Биринчи аракет – биринчи черновик.
5. Кайра иштеп чыгуу жана текстти жакшыртуу.

Ушул беш этапты ар бир журналист жанрларды туура пайдаланып, куйрук улаш басып өтүшү керек. Этаптардын бирин эле аттап кеткен журналист материалды жаза албай, чайналып калат. Бул этаптарды пайдаланып, көп жазып көнүккөн журналист тапшырманы алар менен, же ишке киришери менен эле ушул этаптар боюнча аракет кыла берет. Эгерде журналист ушул этаптарды кайсы биринде начар иштеп койсо, кийинки этаптарга терс таасирин тийгизет [2;17-18б]. Кыйынчылык келип чыгат. Жыйынтыктап айтканда жанрларды туура пайдаланып макала же материал жазганда гана өз максатына жетет.

**Адабияттар:**

1. Бакыт Орунбеков (2015). «Журналистиканын негиздери» Бишкек,- б.240 (78 бет).
2. Жалил Сапаров (2011). «Жаңылык – журналистиканын өзөгү» Жалал-Абад, -96 бет (17-18).
3. Гарсина Маркес Гариэль (1983). «Письма и воспоминания». – М.:. С.147 .(53стр).
4. Тертычный А. А. (2010). «Аналитическая журналистика», - С.175. (13стр).
5. Түмөнбаев А. (2013). «Репортордук иш жана газеталык жанрлар» Бишкек,-160
6. Bonyadi, A. (2012). Genre Analysis of Media Texts, Procedia - Social and Behavioral Sciences, Volume 66, Pages 86-96, https://doi.org/10.1016/j.sbspro.2012.11.250.